таптыртып, аларды талдатса да окуучулардын кызыгуусу артат. Мисалы: кыш суук, жаз кандай?

кумшекер таттуу, туз кандай?
көмүр кара, бор кандай?
кебез жумак, таш кандай?

Бул суроолорго жооп алуу менен сын атооч сөздөрдү бири-бири менен салыштырып, аларга суроо койдуртуп талдаттырабыз.

Морфологиялык талдоолор окуучуларга жеткиликтүү жана түшүнүктүү болуусу үчүн мугалим анын үлгүсүн өзү бир нече жолу көрсөтүп, талдоо жүргүзүп берет. Талдоо үчүн алынган сөздөр жана сүйлөмдөр окуучуларга түшүнүктүү болуу менен тарбиялык мааниси бар, же окуучулардын турмушу менен байланышкан акын-жазуучулардын чыгармалардан, макал-лакаптардан, табышмак, жаңылмачтардан, оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнөн болсо, сабактын эффективдүүлүгүн ого бетер арттырат.

Башталгыч класстарда жүргүзүлүүчү грамматикалык көнүгүүлөр грамматикалык талдоо менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан бардык көнүгүүлөр грамматикалык талдоолор менен тыгыз байланышта, аны менен коштолуп жүрсө, зор натыйжа берери анык. Өзгөчө жазуу түрүндөгү: көчүрүп жазуу, диктант, изложения, сочинение сыяктуу көнүгүүлөр грамматикалык талдоолор, анын ичинде морфологиялык талдоолор менен, алардын тапшырмалары менен жаздыртылууга тийиш.

Морфологиялык талдоо баталгыч класста 2-4-класстарда ырааттуу түрдө жүргүзүлөт. Талдоонун кайсы түрү, кайсы класста, кайсы темага байланыштуу жүргүзүлө тургандыгы ар бир класста өтүлгөн морфологиялык материалдарга жана программада жайгаштырылышына, талабына байланыштуу болот.

Сын атооч боюнча морфологиялык талдоо жүргүзүүдө да программада жана окуу китебинде жайгатырылган материалдардын негизинде иш алып барылат. Ар бир талдоого мугалим күн мурунтан материалдарды даярдап, аны жүргүзүү учурунда үлгүсүн окуучуларга көрсөтүп берип, андан кийин окуучуларга иштеттирет.

Сын атоочту окутууда морфологиялык талдоолорду ырааттуу жүргүзүү окуучулардын ал сөз түркүмү боюнча алган билимдерин бышыктап, бекемдөөгө жана аны иш жүзүнө колдоно билүүгө кеңири шарт түзөт.

АДАБИЯТТАР:


1. Абдуллаев Э., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Désинституттардын педагогика факультети үчүн. –Фрунзе: Мектеп, 1986.
2. Башталгыч класстардын программалары. –Бишкек: Мектеп, 2000.
3. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология. –Фрунзе: Мектеп, 1980.
4. Дыйканов К. Кыргыз тилинин таблицалары. –Фрунзе: Мектеп, 1971.
5. Турусбеков С., Бердибаев Э., Рысбеков Б., Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. –Фрунзе: Мектеп, 1965.
6. Ушинский К.Д. Собрание сочинений. Ч.2., -М.: АПН РСФСР,1948.
7. Ушинский К.Д. Руководство к преподаванию по «Родному слову» -М.: АПН РСФСР, 1949.


УДК 378.144

Ч.Ж.Карамендеева

*И.Арабаев атындагы КМПУ*

## ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДҮН ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИНИН НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

*Коомдо адамдардын өз ара пикир алышуу процесси сүйлөм аркылуу жүзөгө ашырылат. Ал эми жазуу түрүндөгү ой-пикирди ачык-так билдирүүдө пунктуациянын мааниси чоң. Ушуга байланыштуу аталган макалада кыргыз тилинин пунктуациясынын мааниси, кызматы жана анын принциптери жөнүндө теориялык маалыматтар берилди.*

Жазууда тыныш белгилерди туура колдонууда анын төмөнкүдөй принциптерине таянабыз: айтылып жаткан ойдун маанисине, сүйлөмдүн синтаксистик түзүлүшүнө,

кептин интонациясына. Адатта, бул принциптер бири-бири менен өз ара байланыштуу болуп, бир бүтүндүктө каралат. Бул маселе орто мектепте окуучуларга терең билим берүүдө мугалимдин көңүлүнүн борборунда болууга тийиш.

Коомдо байланыш-катнаштын өтө маанилүү жана эң зарыл куралы болуп тил эсептелет. Ал адамзаттын турмушундагы жетишкендиктердин баарын өзүнө сактап, аларды кийинки муундарга жеткирип турат. Улуу акылман Жусуп Баласагын: «Илим менен билимге көпүрө – тил, көкөлөткөн адамды тили деп бил»,-деген накыл сөзүн бекер айтпаган чыгар. Кайсы элде болсо да, жазуу түрүндө пикир алышуунун негизги түрү жазуу болуп саналары белгилүү. Демек, ой-пикирди жана ар түрдүү сезимди жазуу түрүндө ачык-так берүүдө пунктуациянын мааниси зор. Тыныш белгилеринин негизги милдети – жазуу түрүндө берилген тексттеги сүйлөмдөрдүн жана анын бөлүкчөлөрүнүн чегин ажыратып, алардын өз ара байланышын көрсөтүп, айтылып жаткан ой-пикирге ачыктык-тактык киргизүү менен жазып жаткан адамдын берейин деген оюн, ички сезимин туура түшүнүүгө жардам берет. Мисалы, чекит текстти өз алдынча бир ойду билдирүүчү айрым сүйлөмдөргө ажыратып, кийинки жаңы сүйлөмдүн башталышын көрсөтөт. Үтүр белгиси болсо саналып айтылган сүйлөм мүчөлөрүн бири-биринен ажыратып турат. Ал эми кош чекит биринчи сүйлөмдө айтылган ой-пикирдин мазмунун чечмелеп, толуктайт.

Кээ бир тыныш белгилери сүйлөмдүн маанилик өзгөчөлүгүн билдирет. Мисалы, суроо жана илеп белгилерин алсак, алар бир сүйлөмдү экинчи сүйлөмдөн ажыратып, алардын кандай максатта берилип жаткандыгын көрсөтөт.

Эгерде жазма түрүндөгү текстте керектүү тыныш белгилер коюлбай же туура эмес коюлса, анда ой-пикирдин мааниси чаташып, ички сезимдердин кандай абалда берилип жаткандыгы белгисиз болуп калар эле. Сөзүбүз кургак болуп калбасын үчүн төмөнкү тексттерди бири-бирине салыштырып көрөлү:

*Мени жоктобо апа менин артымда туягы калган жок дебе дүйнөдө мындан ары согуш болбосо жаңыдан төрөлгөн баланын ыңаалаганы ошол мен бой жеткен кыздардын жоодураган көздөрү ошол мен бутакта көгөргөн жалбырак ошол мен талаада өнүп чыккан эгин ошол мен мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн а тамгасы ошол мен ошонун баары мен ошонун баары мен деп билип жүргүн апа.*

Келтирилген текстти ушул түрүндө окуганыбызда ой чаржайыт берилип, эмоциялык сезимдер супсак айтылды. Эми биз ушул тексттин тиешелүү жерине тыныш белгилерди коюп кайра окуп көрөлү:

*Мени жоктобо, апа! Менин артымда туягы калган жок дебе. Дүйнөдө мындан ары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыңаалаганы - ошол мен! Бой жеткен кыздардын жоодураган көздөрү - ошол мен! Талаада өнүп чыккан эгин - ошол мен, мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн «а» тамгасы - ошол мен; ошонун баары-мен. Ошонун баары мен деп билип жүргүн, апа! (Ч.Айтматов.)*

Мында Мекен үчүн өз өмүрүн кыюуга даяр турган жоокердин ыраазылык сезими, анын эң жогорку бийиктикте көркөм берилишине пунктуация жардамга келди. Жогорудагы мисалдардан баамдагандай, тыныш белгилери туура эмес же таптакыр пайдаланбаган учурлар ойдун түз маанисин бузуп, аны түшүнүксүздүккө жана ой-пикирдин чаржайыт, көркөмсүз берилишине алып келет. Демек, биздин оюбузча, тыныш белгилери туура коюлган учурда, текстти көркөм окуу да, анын мазмунуна түшүнүү да жеңил болот.

Жыйынтыктап айтканда, тыныш белгилери жазуу түрүндөгү кепти айрым синтаксистик бөлүкчөлөргө ажыратуу, ой-пикирди жазууда ачык-так көрсөтүү, сүйлөмгө кошумча маани берип, кептин ийкемдүүлүгүн арттыруу үчүн кызмат кылат [3, 6-б].

Бул жөнүндө профессор А.В.Текучев: «Тыныш белгилери бул сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүн гана көрсөтпөстөн, ошону менен бирге ал кептин көркөмдүүлүгүнүн белгиси да болот»,-деп белгилейт [5, 382-б].

Азыркы кыргыз тилинин жазмасында колдонулуп жүргөн тыныш белгилери өзүлөрүнүн кызматынын өзгөчөлүгүнө карата экиге бөлүнөт: а) сүйлөмдүн аягына коюлуучу тыныш белгилер; б) сүйлөм ичинде коюлуучу тыныш белгилер. Булардын биринчиси ойдун маанилик жана интонациялык жактан аякталышын билдирип, андан кийин жаңы ойдун башталышын көрсөтөт. Алар өз кезегинде эки милдетти аткарышат: сүйлөмдүн грамматикалык жактан уюшулгандыгын көрсөтүп, алардын өзүнчө чегин белгилейт; сүйлөмдүн кандай мааниде айтылгандыгын мүнөздөйт. Аларга төмөнкү белгилер кирет: чекит, суроо, илеп, көп чекит жана тыныш белгилердин кабатталып коюлган учурлары. Экинчилери, сүйлөм ичинде колдонулуп, синтаксистик конструкцияларды өзүнчө ажыратуу менен алардын ортосундагы грамматикалык катыштарды белгилейт, тактап айтканда, сүйлөмдүн тигил же бул мүчөсүн жана алар

менен байланышпаган сөздөрдү башкалардан бөлүп турат. Аларга: үтүр, сызыкча, кош чекит, кашаа ж.б. кирет.

Пунктуация маселесин туура чечүүдө жана алардын коюлуш принциптерин аныктоодо орус лингвист-окумуштуулары С.И.Абакумов, Г.П.Фирсов, А.Б.Шапиро, А.В.Текучевдердин жана кыргыз тилчи-окумуштуулары Т.Актанов, А.Турсунов, А.Жапаров, А.Иманов, Б.Өмүралиевдердин эмгектери белгилүү. Кайсы тилде болбосун, пунктуациянын колдонулушу сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүнө, анын маанисине жана интонацияга байланыштуу болот.

Тыныш белгилерди колдонууда интонациянын белгилүү ролу бар, бирок ал чечүүчү негиз боло албайт; себеби оозеки кепте үн ар түрдүү ыргакта чыгып, анын темпи бирде ылдамдаса, бирде акырындайт. Ар түрдүү сезим ар башка интонация менен берилет да кандайдыр бир тыным пайда болот. Бул жөнүндө профессор Б.өмүралиев: «Тыным болгон жерлердин бардыгы жазууда тыныш белгилери менен белгилене бербейт, себеби пунктуацияга караганда интонация кененирээк мааниде каралат», - деп жазат [3, 38-б.].

Профессор К.К.Сартбаев «интонацияны туруктуу принцип деп айтууга болбойт», - деп көрсөтөт [4, 218-б.].

Тыныш белгилердин негизги маселесин туура чечип, анын принциптерин өз ара байланыштуу караган окумуштуулардын бири С.И.Абакумов болгон. Ал тыныш белгилерди туура коюуда ойдун мааниси жана анын синтаксистик түзүлүшү эске алынарын белгилейт да, кээде пунктуация интонацияга жана паузага байланыштуу болорун көрсөтөт [1, 12-15-б.].

С.И.Абакумовдун жогорудагы көз карашын профессор А.Б.Шапиро колдойт да, тилдеги үн ыргактары менен синтаксистик структура - экөө биригип келип, негизги ой-пикирди уюштурууга кызмат кыларын айтат [7, 76-б.]. Бул жерде ой-пикирди жүзөгө ашыруунун негизги каражаты болуп грамматика менен интонация эсептелет да, бул экөө өз ара карым-катышта болушуп, бири-бирин толуктап турат деген жагдай байкалат.

Кээ бир учурда тыныш белгилерди колдонууда сүйлөмдүн мааниси чечүүчү ролн ойносо, кээде сүйлөмдүн синтаксистик түзүлүшү менен анын интонациясы негизги мааниге ээ болот. Мисалы: чекит, суроо, илеп, көп чекиттер ойдун маанисине карата коюлат. Ал эми баш мүчөлөрдүн ортосуна, сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн араларына жана сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөргө коюлуучу тыныш белгилер грамматикалык эрежелердин талабына ылайык коюлса, каратма жана сырдык сөздөрдөн кийин коюлуучу илеп белгиси интонациялык принципке негизделет. Мына ушундай жоболорго таянып, азыркы күндө пунктуацияны колдонуу маселеси өз ара байланыштуу каралууда. Демек, тыныш белгилерди туура колдонууда: айтылуучу ойдун мааниси, сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү жана анын интонациясы эске алынат. Бул пикирди профессор А.В.Текучевдин сөзү менен бекемдөөгө болот: «Биздин азыркы пунктуациябыз бир эле принципте түзүлбөстөн, бир катар принциптердин (грамматикалык, маанилик жана интонациялык) жыйындысынан түзүлөт да, алар өз ара айкалышып турат» [5, 384-б.].

Ушул жогоруда айтылган аныктамаларды эске алып, Т.Актанов: «Пунктуация тилдеги грамматикалык жана маанилик куралдардын бардыгын эсепке алат. Ошону менен бирге, айтылган үндү, интонацияны да эске алат жана ушулардын негизинде гана курулат», - деп көрсөтөт [2, 87-б.].

Кыргыз тилиндеги жөнөкөй сүйлөмдүн тыныш белгилери А.Турсунов тарабынан тереңирээк изилденген. А.Турсуновдун эмгегинде интонациянын жазуудагы мааниси кеңири көрсөтүлөт, бирок интонация тыныш белгилерди колдонуу боюнча чечүүчү негиз боло албай, сүйлөмдүн синтаксистик түзүлүшү жана ойдун мааниси менен тыгыз байланыштуу экендигин белгилейт [6, 14-б.].

Тил ойдун тикеден тике чындыгы болгондуктан, пунктуациянын колдонулушу да ага байланыштуу келип, ой-пикирдин маанисин жазууда ачык-так көрсөтүү милдетин аткарат да, айтылып жаткан ойдун маанисине, грамматикалык эрежелерге жана интонацияга негизделип коюлат. Бул үчүн төмөнкү сүйлөмдөрдө тыныш белгилери кайсы шартка негизделип коюлгандыгына көңүл буралы:

*Акчач чалдардын четки чүкөдөйү кежигесин кашынып, кыт-кыт күлө сөз улап коет:*

*- Чокмоктон кыйын уул балдар да бәр да!..*

*- Ооба, төшү түктүү азаматка жолуккандыр да!-деп кубаттады экинчи үксүйгөн абышка.*

*- Ээ, - деди алиги кыт-кыт күлгөн чүкөдөй чал, -тетиги Кашкабелдин эңкейишинде Чокмок балбанды бир азамат өлтүрүп кетиптир...*

*- Эмне дейт? - деп Кадича кайра оозун алаканы менен баса калды. (Ш.Абдыраманов.)*

Бул сүйлөмдөрдөгү чекит,суроо, илеп белгилеринин жана көп чекиттин коюлушу сүйлөмдүн маанисине негизделди, ал эми сызыкча, үтүр, кош чекиттердин коюлушу сүйлөмдөрдүн грамматикалык түзүлүшү менен шартталып турат. Мында интонациянын ролун да жокко чыгарууга болбойт. Мисалдардан баамдагандай жазуудагы тыныш белгилердин коюлуш жоболору өз ара тыгыз байланышта болгон төмөнкү принциптерге негизделет: сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүнө, сүйлөмдүн маанисине, кептин интонациясына.

Бирок аталган принциптердин ар бири бардык учурда эле өзүнчө турган принцип катары каралбайт. Тескерисинче, бирин экинчиси шарттап туруучу бир бүтүндүн тутумдуу бөлүктөрү болуп эсептелет.

АДАБИЯТТАР:


1. Абакумов С.И. Методика пунктуации. 4-е изд.- М.: Учпедгиз, 1954.
2. Актанов Т. Грамматика: Педагогика окуу жайлары үчүн окуу китеби. 2-бөлүк, Синтаксис. –Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940.
3. Өмүралиев Б. Кыргыз тилинин пунктуациясын окутуу (жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси боюнча). –Фрунзе: Мектеп, 1970.
4. Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. –Фрунзе: Мектеп, 1978.
5. Текучев А.В. Методика преподавания русского языка в средней школе.. –М.: Учпедгиз, 1958.
6. Турсунов А. Кыргыз тилинин тыныш белгилери. –Фрунзе: Мектеп, 1981.
7. Шапиро А.Б. Основы русской пунктуации. –М.: АН СССР, 1955.


УДК 378.144

Г.К.Казиева

*И.Арабаев атындагы КМПУ*

## БАШТАЛГЫЧ МАТЕМАТИКАДА ГЕОМЕТРИЯЛЫК МАТЕРИАЛДАРДЫН ОРДУ

Билим берүүнүн сапатын жаңы денгээлге көтөрүү, педагогиканын кайсы гана тармагы болбосун жакшыртуу, кенже окуучулардын аң сезимин өстүрүү, билим денгээлин өркүндөтүү мамлекетибиздин бирден бир маанилүү максаттарынын бири.

Ошол болочоктогу инсандарды азыркы шартка ылайык, турмуштагы ар кандай кырдаалга аң сезимин, ийкемдүүлүгүн, жөндөмүн, ойлоосун өстүрүүдө алардын билимин, фундаментин бекемдөөдө кенже окуучуларга математика курсу боюнча материалдарды өздөштүрүү талапка ылайык.

Башталгыч математиканын бир тармагын геометриялык материалдар түзөт. Академик А.Н.Колмогоров белгилегендей, математика предметин дайыма көрсөтмөлүү кылып окуп үйрөтүүгө умтулуу зарыл. Ошондуктан геометириялык материалдарды окуп үйрөнүү математикалык ой жүгүртүүнүн калыптанышы менен тыгыз байланышта да кенже окуучулардын математикалык билим алуусунда негизги орунду ээлейт. Геометрияны окуп үйрөнүү, арифметикадан айырмаланып, кенже окуучулардын интеллектуалдык, эмоциялык жана эстетикалык ой жүгүртүүсүн өстүрөт.

Геометрия илими, аты көрсөтүп тургандай (жер ченөө), байыркы заманда адамдардын практикалык муктаждыктарынан келип чыккан. Эң алгачкы жер участокторун ченөө, бара-бара айлана-чөйрөнүн, мейкиндиктин касиеттерин, формаларын изилдөөгө өтүп, аларды жалпылоо аркылуу теориялык мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачып, илимге айлана баштаган. Кээ бир изилдөөчүлөр геометриянын илим катарында калыптанышына 2500 жылдан кем эмес мезгил өттү деп эсептешет, анткени Евклиддин геометриясы биздин доорго чейин III кылымда жаралып, система катарында калыптанганы белгилүү.

Азыркы учурда геометрия математиканын өнүккөн тармагынын бири катарында каралып, өз учурунда бир нече тармактардан турат:

-Евклиддин геометриясы, Лобачевскийдин геометриясы, проективдик геометрия, дифференциалдык геометрия ж.б. [3].